**10-тиркеме**

КББК. Стандарттарга дал келүүсүнө байкоо жүргүзүү матрицасы

**Стандарттарга дал келүүсүнө байкоо жүргүзүү матрицасы**

Мектеп ________________________________________________.

____________________ району ____________________ шаары/айылы.

Эскертүү: Матрицаны толтурууда өзгөрүүлөр жана толуктоолор мектептин жагдайына карай өзгөрүүсү мүмкүн.

| **Көрсөткүчтөр/Стандарттар<br>Жагдай кандай болуусу кажет?** | **Нормативдик базасы** | **Мектептин учурдагы абалы** | **Мектеп эмне учун ушундай жагдайда?** |
|---|---|---|---|
| 1. **Мектептеги ачык-айкындуулук (пландаштыруу жана ишке ашыруу).**<br>Мектептин директору жана Камкорчулар кеңеши жыл сайын коомдук угууларды уюштуруп, киреше жана чыгашалар жөнүндө маалыматты ата-энелери жана камкорчулары менен бөлүшөт. | ***44-1-берене. Мамлекеттик билим берүү уюмдары тарабынан акча каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө отчетту коомдук угуу.***<br>**Билим берүү жөнүндө КР мыйзамы 2003-жылдын 30-апрели № 92.** | Мектептин план мейз. пл/к түзүлгөн, бекитилген. Камк. кеңеши жаңы түзүлүүдө | Камкорчу кеңеши жаңы түзүлүп, план жана ишке кирип баштоо үчүн. |
| 2. **Мектептин ишин биргелешип пландаштыруу (мугалимдердин, окуучулардын жана ата-энелердин катышуусу).**<br>- билим берүү органдары стратегиялык, программалык документтерди жана ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга бизнес коомчулугунун, коомдук жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүн, ата-энелерди, студенттердин өзүн тартат. | 4. Негизги жана (же) орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмундагы башкаруунун натыйжалуулугуна жана билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына критерийлер:<br>5) педагогикалык жамааттын, окуучулардын жана кызыкдар тараптардын билим берүүнү ишке ашырууга, анын сапатын контролдоого жана кайра кароого катышуу механизминин болушу (кызыкдар тараптар менен аркы-терки байланыш);<br>Негизги жана/же жалпы орто, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартибин жана Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу **минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө** (КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-декабрындагы № 844 ток- | Бар. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3. Кадрлар менен камсыздоо, предметтик мугалимдердин болушу..**<br>- мектеп мугалимдер менен 100% камсыз болгон;<br>- бардык сабактар окутулуп жаткан предметке ылайык адистиги бар мугалимдер тарабынан окутулат. | - Педагогдук ишти иштөө укугуна зарыл билим алган жана тиешелүү педагогдук квалификациясы бар адамдар ээ болушат ушул беренеде каралган учурларды кошпогондо.<br>• Педагогдук билими жана квалификациясы жок адамдар педагогдук (окутуучулук) иште иштөө укугуна кайра даярдоодон өткөн учурларда ээ болот;<br>***28-берене. Педагогдук ишти иштөө укугу.***<br>**Билим берүү жөнүндө КР мыйзамы. 2003-жылдын 30-апрели № 92.** | мектеп мугалим м-н 100% камсыз болгон.<br>Сабактарды адистиги бар муг.тар окутулат | математика, орус тил предметтеринен муг. болууга Ф-дн уюмдоо.<br>+ Босого сааттын неоон, кошумча адистер кошуусу алынса. |
| **4. Сабак учурунда мугалимдердин окуучуларга болгон мамилеси.**<br>Окуучулар жайлуу жана ынтымактуу шартта билим алышат, анда укуктар кандай гана болбосун бузулбайт. | Педагогдор төмөндөгүлөргө милдеттүү:<br>- педагогдук этиканын ченемдерин сактоого;<br>- балдарга карата эмоциялык, психикалык, дене-бой зомбулугун колдонууга жол бербөөгө.<br>***29-берене. Педагогдордун укуктары менен милдеттери.***<br>**Билим берүү жөнүндө КР мыйзамы. 2003-жылдын 30-апрели № 92.**<br>Жалпы билим берүү уюмундагы тартип окуу процессинин бардык катышуучуларынын инсандын кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат.<br>**Жалпы билим берүү уюму жөнүндө ТИПТҮҮ ЖОБО (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 2-октябрындагы № 544, 2014-жылдын 17-сентябры № 535, 2019-жылдын 17-июнундагы № 295 токтомдорунун редакцияларына ылайык).** | Укук бузуулар катталган жок. | Окуучуларга укук м-н катар милдеттерин үйрөтүүдө „Демилге" тынчтык клубу м-н иш алып баруу.<br>— Мугалимдердин статусун жогорулатуу. |
| **5. Окуучулардын мугалимдерге, алардын теңтуштарына мамилеси.**<br>Окуучулар бардык дисциплинардык талаптарды аткарышат жана теңтуштарына, мугалимдерине жана мектептин башка кызматкерлерине урмат көрсөтүшөт.<br>Окуу процессинин бардык катышуучуларынын бири-бирине болгон сый мамилеси мектептин уюштуруучулук маданиятынын бир бөлүгү. | Окуп жаткандар:<br>- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;<br>- билим берүү уюмунун ички тартип эрежелерин сактоого;<br>- улуттук каада-салттарды урматтоого;<br>- билим берүү уюмуна келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте юридикалык жоопкерчилик тартууга милдеттүү. | | - Энелер мектеби менен иштөөнү жандандыруу.<br>- Кыздар уюму, балдар уюмунун ишмердүүлүгүн жогорулатуу.<br>- Активдүү зал к-к.<br>- Концерттик форматтар к-к<br>- Иш-чараларда |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ***26-берене. Окуп жаткандардын укуктары менен милдеттери.*** **Билим берүү жөнүндө КР мыйзамы. 2003-жылдын 30-апрели № 92.** | | |
| **6. Окутуу методикасы / педагогика.** Мугалимдер балдарга багытталган окуу тажрыйбасында чыгармачылык менен иштешет. Алар өз ишинде инновациялык интерактивдүү окутуу методдорун колдонушат. Мугалимдердин ишине чыгармачыл мамиле кылуу талабы мектеп администрациясы жана КК тарабынан кубатталат. | **Педагогдор төмөндөгүлөргө укуктуу:** - педагогдук ишти уюштуруунун усулдары менен түрлөрүн эркин тандап алууга; - педагогдук алдыңкы тажрыйбаны ишке жайылтууга;; **Педагогдор төмөндөгүлөргө милдеттүү:** - окуучулардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн болбогон деңгээлде билим берүү программаларын өздөштүрүшүн камсыз кылууга; - окуп жаткандардын өз алдынчалуулугун, окуууга чыгармачыл мамиле жасоосун өнүктүрүүгө, жүрүм-турумунда жогорку адеп-ахлактык ченемдерди калыптандырууга; ***29-берене. Педагогдордун укуктары менен милдеттери.*** **Билим берүү жөнүндө КР мыйзамы. 2003-жылдын 30-апрели № 92.** | мугалимдер чыгармачылык менен иштөөгө аракет. мектеп админист. тарабынан колдоо алышат | мугалимдер инновациялык окуу методдорун колдонууда тех. каражаттардын жетишсиздиги. интер. доска, проектор, ноутбук, принтер. |
| **7. Мугалимдердин кесиптик квалификациясы.** Педагогтор: • кесиптик деңгээлин дайыма жогорулатуу жана квалификациясын 5 жылда бир жолудан кем эмес жогорулатуу. ЖӨБдүн колдоосу менен мектеп төмөнкүлөргө милдеттүү: • шарттарды түзүү жана мугалимдердин кесиптик чеберчилигин үзгүлтүксүз жогорулатуу үчүн түрткү берүү; • Мугалимдердин квалификациясын 5 жылда бир жолудан кем эмес жогорулатуу укугун ишке ашыруу. | Мамлекет мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдарынын, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдарынын бардык типтеги мекемелеринин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо үчүн бардык шарттарды түзүүгө кепилдик берет. ***18-статья. Мугалим кадрларынын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо.*** **Мугалимдин статусу жөнүндө КР мыйзамы. 2001-жылдын 14-январы № 9.** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте мамлекеттин эсебинен өзүнүн кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга. | кесиптик квалиф. жогорулатып турушат | тренерлерди чакыруу, ошондой курстарды окутууга, курска барууда акча каражаты. демөөрчү табуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ***29-берене. Педагогдордун укуктары менен милдеттери.***<br>**Билим берүү жөнүндө КР мыйзамы. 2003-жылдын 30-апрели № 92.** | | |
| **8. Мектептин техникалык жабдуулары (интернет булактары, компьютер, интерактивдүү доска ж.б.).**<br>• Мектеп компьютерлер, мультимедиялык жабдуулар менен окуучулардын муктаждыктарына жооп берген деңгээлде же орточо республикалык деңгээлде камсыздалган;<br>• Мектеп Интернетке туташтырылып, керектүү билим берүү булактары менен камсыздалган. | "1 компьютерге 50 окуучу" көрсөткүчү 2023 жылы 1 компьютерге 26 окуучуга чейин жакшыртылды. 2030 жылы 1 компьютерге 15 окуучуга чейин жакшыртылды.<br>***7. Күтүлүүчү натыйжалар – аткаруу индикаторлору.***<br>**2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Программасы.** | интернетке туташпаган, камсыздалган эмес. | демөөрчү табуу, акча каражатын чогултуу аркылуу ишке ашыруу. |
| **9. Мугалимдердин интерактивдик технологияларды колдоно билүүсү.**<br>• Мугалимдер билим берүү процессинде компьютерлерди, смартфондорду жана мультимедиа жабдууларын натыйжалуу колдонууга мүмкүндүк берген деңгээлде IT-компетенттүүлүктөрүн иштеп чыгышты;<br>• Мугалимдер техникалык чеберчилиги боюнча тынымсыз иштешет;<br>• Мектептин жана коомчулуктун учурдун талабына жооп берген мугалимдерге болгон жардамы. | Мугалимдердин компетенттүүлүгүнүн 3 деңгээли:<br>**1-деңгээл. Негизги:** билим алуу. Мугалимдер технологияны колдонуу боюнча билимге ээ болушат жана МКТнын негизги компетенцияларына ээ болушат. .... Бул деңгээлде мугалимдер кесиптик чеберчилигин үзгүлтүксүз жогорулатуу технологияларын өздөштүрүшөт.<br>**2-деңгээл. Ортоңку деңгээл:** билимди өздөштүрүү. Мугалимдер келечекте окуучуларга багытталган жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жана кызматташуу көндүмдөрүн өркүндөтүүгө мүмкүндүк берген МКТ компетенттүүлүктөрүнө ээ болушат ... Ошондой эле мугалимдер улуттук жана эл аралык мугалимдер коомчулугуна кошулуп окуусун уланта алышат. | айрым мугалимдер интер. тех. колдонот | тех. каражаттардын жетишсиздиги<br>грант жазуу, проект менен иштөө. |
| | **3-деңгээл. Өркүндөтүлгөн деңгээл:** Билимди жаратуу. Мугалимдер мыкты тажрыйбаларды моделдөөгө жана окуучуларга туруктуу өзгөрүп турган дүйнөдө зарыл болгон принципиалдуу жаңы билимдерди, көндүмдөрдү жана баалуулуктарды калыптандырууга өбөлгө түзө турган мындай билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жардам берген компетенттүүлүккө ээ болушат. | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Жалпы билим берүүчү мектептин мугалиминин МКТ компетенттүүлүгүнө квалификациялык талаптар (Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилет). | | |
| **10. Мектептин кызмат көрсөтүүлөрүнө бирдей жеткиликтүүлүк жана тең пайдалануу.**<br>• Ар бир бала сапаттуу билим алууга укуктуу;<br>• Үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык абалы, ата-эненин диний ишеними, баланын ден-соолугуна байланыштуу көйгөйлөр жана башка факторлор баланын билим алуусуна тоскоол болбошу керек;<br>• Билими начар ар бир бала өзүнө керектүү колдоону алышы керек. | Билим берүү уюму ар бир баланы билим берүү процессине кошуу үчүн инклюзивдик чөйрөнү, ага кошо вариативдик шарттарды (жалпы же өзүнчө класста, үйүндө окутуу, аралыктан окутуунун формалары, тьютордун ассистенттигинде ж.б.) түзүп берүүгө милдеттүү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары саламаттык сактоо жана социалдык коргоо органдары менен бирдикте зарыл болгон учурда сапаттуу билим алууну камсыз кылуу үчүн көмөктөшүүчү каражаттарды берет (коляска, аудио жана видео көмөктөшүүчү каражаттар, класста жана мектепте дене бойго жагымдуу чөйрөнү уюштуруп берүү).<br>**2019-2023 жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү КОНЦЕПЦИЯСЫ (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-июлундагы № 360 токтомуна).** | учурда тиешелүү мугалимдер иш жүргүзүүдө | [illegible] жүргүзүү; [illegible] кайталап [illegible] б. |
| **11. Балдарды мектепке киргизүү**<br>• Мектептин аймагында жашаган ар бир бала 7 жашында мектепке кабыл алынышы керек;<br>• Аймакта жашаган балдарды каттоо үчүн жоопкерчилик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлөт, калган өнөктөштөр мектептин ар бир балага жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга өз салымын кошушат.. | - мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдарды туруктуу эсепке алууну жүзөгө ашыруу;<br>- балдарды жалпы билим берүү уюмдарына жана алардын иш жүзүндө жашаган жерлерине жеткирүүнү уюштуруу.<br>***36-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясы.***<br>**Билим берүү жөнүндө КР мыйзамы. 2003-жылдын 30-апрели № 92.** | мектепке окуучулар өз убагында кабыл алынат | Электр. каттоону компьютерге жайгаштыруу. |
| **12. Класстагы эмеректер**<br>- Класстагы эмеректер балдардын ден-соолугуна зыянсыз, балдардын өсүшүнө жана жаш өзгөчөлүктөрүнө туура келген материалдардан жасалышы керек. | **Шилтеме 1.**<br>**Окуу эмеректерине талаптар.** | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **13. Тазалык.**<br>• Билим берүү уюмунда болгон мезгилде студенттер ичүүчү сууга акысыз ээ болушат;<br>• Канализациялык эмес айыл аймактарында жалпы билим берүүчү мекемелердин имараттары ички канализация менен жабдылган. | **Шилтеме 2.**<br>**Санитардык талаптар.** | таза суу б/ча жойтож бер. | атты ичине таза суу киргизүү керек; ар бир класста тамап - сакт - к/к. |
| **14. Ден-соолукту коргоо.**<br>• Окуучулардын ден-соолугу - бул мектеп жана коомчулук үчүн биринчи кезектеги милдет;<br>• Билим берүү процесси ден-соолукту сактоочу технологияларга негизделген;<br>• Окуу жүктөмү мыйзамдарда аныкталган курак ченемдерине туура келет;<br>• Ден соолукту колдоого муктаж балдарга мектептен жана коомчулуктан өз убагында жардам көрсөтүлөт. | - Билим берүү уюмдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары балдардын жана окуучу жаштардын саламаттыгын сактоого жана чыңдоого кепилдик берүүчү шарттарды түзөт;<br>- Окуу-эмгек жүктөмү, окуучулардын окуу режими, анын ичинде дене тарбиясы билим берүү уюму тарабынан Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу органдарынын сунуштарынын негизинде саламаттык сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен макулдашуу боюнча аныкталат;<br>- Узак дарылануута муктаж болгон балдар үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ден соолукту чыңдоо мекемелеринде окутуу шартын түзөт. Окуу сабактары ошондой эле үйдө, дарылоо мекемесинде жүргүзүлөт..<br>***31-берене. Балдардын жана окуучу жаштардын саламаттыгын сактоо.***<br>**Билим берүү жөнүндө КР мыйзамы. 2003-жылдын 30-апрели № 92.** | ар бир класста аптечка ушн: мугалимдер ини жургүзүүдө - видео-ролик көрсөтүү т/т. ки. саатар өтүлөт. | мектепте мед аптинди жетишсиздиги, дары-дармек б/ча камсыздалса |
| **15. Мектептеги тамак-аш.**<br>Мектепте башталгыч класстын балдары үчүн тамак уюштуруу үчүн бардык шарттар түзүлгөн: бөлмө, эмерек, идиш-аяк.<br>Уюштуруу процесси ачык жана коррупциялык тобокелдиктерди жокко чыгарат. | - «Балдар жана өспүрүмдөр үчүн арналган аш азыктарынын коопсуздугу жөнүндө» Бажы Биримдигинин Техникалык регламенти ТР ТС 007/2011.<br>- «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» | мектепте тамак-аш уюштурал, окууч. тамак берилип турат | тамак берүүдө ашканасы бөлмөсү жок (каапка). тамак стол. жетишсиздиги, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Санитардык-Эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери.<br>- Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө КР Мыйзамы. 2019-жылдын 4-декабры № 135. | | |
| **16. Мектептин коопсуздугу.**<br>- мектептин имараты жана аймагы айрым мамлекеттик ченемдердин жана стандарттардын (СНиП, СанПиН ж.б.) коопсуздук талаптарына жооп бериши керек;<br>- Спорт жана оюн аянтчалары талаптагыдай жабдылып, окуучулардын коопсуздугуна коркунуч келтирбеши керек;<br>- Мекемелер жана уюмдар өз компетенцияларына ылайык өрт коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү. | **Шилтеме 3.**<br>**Коопсуздук талаптары.** | мектептин коопсуздугу үчүн алдын алуу иш жүргүзүлгөн. | өрт коопсуздугу б/ча сигнализация, эвакуац. план. [illegible] жолу курулган, спорт аянтч. талапка жооп бербейт. |
| **17. Класстагы балдар.**<br>Класстардын жана жалпы мектептин окуу жүктөмү ченемдик укуктук актыларда аныкталган ченемдерден ашпашы керек. | - Бардык класста ар бир балага 2 м² кем эмес аянт туура келиши керек.<br>**«Санитарно-эпидемиологические требования к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях» (КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы № 295 токтомунун редакциясына ылайык).** | окуу жүктөмү талапка ылайык аткарылат. | окуу кабинеттери тар, шарт түзүлгөн эмес |
| **18. Мектептин жылуулук шарттарына карата талаптар.**<br>Мектеп балдар үчүн, мугалимдер жана администрация үчүн жылуу жана ыңгайлуу | - Жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары борбордук жылуулук берүү жана аба алмаштыруу системалары менен жабдылат;<br>- Ташып жүрүүчү жылуулук берүү приборлорун, ошондой эле инфракызыл нур чыгарган жылыткычтарды колдонууга болбойт;<br>- Абанын температурасы окуу жайларында жана кабинеттерде - +18° - +24 °С болушу керек; спорттук залда жана секциялык сабактарды өткөрүү үчүн бөлмөлөрдө, устаканаларда - +17° - +20 °С болушу керек.<br>- Температураны көзөмөлдөп туруу үчүн окуу жайлар жана кабинеттер тиричилик термометрлери менен камсыз болушу керек. | мектеп окуучулар жана мугалимдер үчүн жылуу. | [illegible] [illegible]. мект. адм. у бөлм. жок, [illegible]. спорт зал. керек. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | *7 болум. Аба-жылуулук режимине болгон талаптар.*<br>**«Санитарно-эпидемиологические требования к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях» (КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы № 295 токтомунун редакциясына ылайык).** | | |
| **19. Табигый жана жасалма жарыктандырууга коюлган талаптар.**<br>- Мектеп имаратынын инсоляция жана жарыктандыруу деңгээли учурдагы ченемдерге жана стандарттарга жооп берет. | - Турак жана коомдук имараттарга табигый, жасалма, биргелешкен жарыктандырууга болгон гигиеналык талаптарга ылайык бардык окуу жайларында табигый жарык берилиши керек;<br>- Окуу жайлардын терезелерине терезенин алдындагы тактайдан төмөн эмес кылып, жөнгө салынуучу күндөн калкалоочу түзүлүш (көтөрүлүүчү-бурулуучу жалюзилер, кездеме терезе пардалар, эшиктен тийген жарыктын деңгээлин төмөндөтпөгөн, жарыкты жакшы таратуучу касиети бар ачык түстөгү пардалар) менен жабдылат.<br>Күндүн жарыгын үнөмдүү пайдалануу жана окуу жайларга тегиз жарыктандыруу үчүн төмөнкүлөргө тыюу салынат:<br>- терезенин айнектерин сырдоого;<br>- терезенин алдындагы тактайга гүл коюуга, алар полдон 65-70 сантиметрге бийик болгон ташылуучу гүл салгычтарга салынат же терезелердин ортосундагы дубалдарга илинүүчү кашпого салынат;.<br>**8 болум. Табигый жана жасалма жарыктандырууга болгон талаптар.**<br>**«Санитарно-эпидемиологические требования к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях» (КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы № 295 токтомунун редакциясына ылайык).** | терезелер талапка ылайык жооп берет. | Электр зымдарын жаңылоо, [illegible] [illegible] жаңыртуу, жасалма жарык [illegible] [illegible]. |

**КЫЗМАТТАШУУ ЖОНУНДО**
**МЕМОРАНДУМ**

Жерге-Талаатпко «21» февраль 2022-ж

Биз, томондо кол койгон Демилгелуу топтун мучолору (педагогикалык курам,окуучулар, ата-энелер) (мындан ары «ДТ») жана И. Молдобаев атындагы орто мектептин директору, мектеп администрациясынын атынан, Н. Саякбаева (мындан ары «Мектеп администрациясы») Кызматташуу жонундо Меморандумду туздук.

**МАКСАТЫ:**

Мектеп иштерине жарандык катышуу платформасын бекемдоо жана мектептердин айкындуулугун жана отчеттуулугун кучотуу. Бул Меморандумга кол коюп жатып, Тараптар мектептин кызмат корсотуу сапатын жакшыртуу учун жарандык катышууну иштеп чыгууга жана жайылтууга комок корсотууго макул болушту.

**КЫЗМАТТАШУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ:**

-ыктыярдуулук
-тен катышуу
-ачык-айкындуулук
-бири-бирин урматтоо жана колдоо
-жоопкерчилик жана отчеттуулук
-гендердик тендик

**ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ:**

**Мектептин администрациясы:**

- Жарандардын мектептин бюджети боюнча коомдук угууларга катышуумумкунчулугун жана пландардын аткарылышы боюнча маалымат алмашуусуна жардам беруу;
- Ар кандай топтордун жана кызыкдар тараптардын укуктарын жана милдеттерин жамаат менен аныктоого катышуу;
- Жаны платформалар менен тааныштыруу жана учурдагы платформалардын мумкунчулукторун бекемдоо менен жарандардын мектептин ишине катыштыруу;
- Мектептин кызмат корсотуулорун баалоого жарандарды/коомчулукту, катыштырууга комок корсотуу;
- Мектептин шарттарын жакшыртуу учун артыкчылыктуу аракеттерди оз убагында коруу;
- Жамааттын ресурстарын мобилизациялоо;
- Макулдашылган артыкчылыктуу аракеттерге мониторинг жургузуу процессине катышуу;
- Биргелешип жооп беруу ыкмасын колдонуу (б.а коомдук угуулар аркылуу, ошондой эле социалдык келишим процесси жана коомчулуктун баалоо карточкалары аркылуу).

**Демилгелуу топ:**

- Демилгелуу топ жарандык катышуу процесстерин мектеп денгээлинде уюштурат;
- Мектеп кызматын колдонуучулар жана кызмат корсотуучулор ортосунда «Социалдык келишимдин» предметин аныкташат жана ал документти мектептин маалыматтык такталарында/бурчтарында жарыялашат;

- Мектептин кызмат корсотуулорун жакшыртуу учун тузулгон биргелешкен иш аракет планын, «Коомчулуктун баа беруу карталары » ыкмасын колдонуу менен жыл сайын биргелешип баалоо (мугалимдин озун-озу баалоосун кошуп) жургузушот;
- Мектептин онугуусу учун жардамдарды берип турган кайрымдуулук жана башка уюмдар менен кызматташууну уюштурууда мектептин жетекчилигине жана Козомолчулук кенешине жардам берет;
- Кызмат корсотуучулордун (мектеп администрациясы жана мугалимдердин) жана кызматты алуучулардын (ата-энелер жана окуучулар) сунуштарын эске алуу менен, тигил же бул чечимди кабыл алууда комок корсотот;
- Мектептин артыкчылыктуу маселелерин чечуу боюнча иштер жонундо ата-энелерге, студенттерге жана мугалимдер жамаатына, ошондой эле жергиликтуу жамаатка оз убагында кабарлоо.

Жогоруда корсотулгон пункттарга ылайык, Тараптар ыктыярдуу негизде мектептеги коомчулук учун жагымдуу шарттарды тузуу боюнча бири-бирине колдоо корсотуп, жардам бере алышат.

## МЕМОРАНДУМДУН МООНОТУ ЖАНА АНЫ ТОКТОТУУ ШАРТТАРЫ

Бул Меморандумга кол коюлган учурдан баштап иштей баштайт жана бул Меморендумдун алкагында коюлган максаттарга жеткенге чейин иштейт.

Бул Меморандумду моонотунон мурда токтотуу же демилгелуу топтун курамынан мучолору чыккан учурда, Тараптар бузуунун себептери туурасында купуялыкты сактоого милдеттенишет.

Меморандум эки нускада тузулду. Тараптар бирден нуска аылшат.

## ТАРАПТАРДЫН КОЛУ:

| Мектеп | Демилгелуу топ |
|---|---|
| Иткул Малдобаев<br>атындагы орто мектеп<br><br>Директор:<br>Саякбаева Назира Шайдабековна<br>аты-жону<br>Колу: [signature]<br>Куну: 22. 02. 2022-ж.<br>Районну: Ак-Талаа району<br>Айылы: Жерге-Тал айылы | ДТ мучолору:<br>1) Маамет уу К. колу: [signature]<br>2) Кочкомбаева С колу: [signature]<br>3) Оморова Т. колу: [signature]<br>4) Торссортов М.А. колу: [signature]<br>5) Бостыбек уу А. колу: [signature]<br>6) Корбозова Я колу: [signature]<br>7) Алымторов .У колу: [signature]<br>8) Жайлообекова А. колу: [signature]<br>9) Элибекова Бермет колу: [signature]<br>аты-жону |

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2014-жылдын 30-майы № 81

## Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

Ушул Мыйзам жарандарга мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңешин түзүүнүн жана анын ишинин максаттарын, принциптерин, укуктук жана уюштуруучулук негиздерин белгилейт.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 1-глава. Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу түшүнүктөр**

**Көзөмөлчүлүк кеңеши (мындан ары - Кеңеш)** - юридикалык жак статусуна ээ болбогон, конкреттүү мекемеде мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү сапаттуу берүүнү өнүктүрүүгө кызыкдар болгондордун бардыгын ыктыярдуу негизде бириктирген мамлекеттик эмес, өкмөттүк эмес, коммерциялык эмес коомдук уюм.

**Мамлекеттик кызмат көрсөтүү** - жеке жана юридикалык жактардын суроо-талабын аткаруу боюнча алардын компетенциясынын алкагында жүзөгө ашырылуучу жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын ишке ашырууга, мыйзамдуу кызыкчылыктарын канааттандырууга, же болбосо жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында келип чыгуучу милдеттерди аткарууга багытталган мамлекеттик мекемелердин ишинин натыйжасы.

**Социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик же муниципалдык мекемелер** - ишинин негизги түрү билим берүү, маданият, социалдык коргоо, жазаларды аткаруу жана саламаттык сактоо жаатында мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүү болуп саналган мекемелер.

**Гуманитардык жардам** - мамлекеттер, уюмдар жана жеке адамдар тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына, мамлекеттик, коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле муктаж болгон жеке адамга калктын жашоо жана турмуш шарттарын жакшыртуу үчүн азык-түлүк, техника, шаймандар, жабдуулар, медициналык каражаттар жана медикамент башка мүлк түрүндө акысыз берилүүчү активдер.

**Жарандык коомдун уюмдары** - коомдун кызыкчылыктарында руханий башка материалдык эмес керектөөлөрдү ишке ашыруу үчүн алар кызыкчылыктарынын жалпылыгынын негизинде түзүлгөн, пайда табуу иши негизги максаты болуп саналбаган, ал эми табылган пайда мүчөлөр уюштуруучулардын жана кызмат адамдарынын ортосунда бөлүштүрүлб ыктыярдуу өз алдынча башкарылуучу коммерциялык эмес уюмдар.

**Коомдук иш** - жарандардын гумандуулуктун баалуулуктарын сактоого ж чындоого, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө, инсандын өнүгүүгө көмөктөшүүгө ж социумду өркүндөтүүгө багытталган, өз керектөөлөрүнө жана кызыкчылыктар ылайык үчүнчү жактардын же жалпы коомдун пайдасына эркин жана аңдап-се тандоонун негизиндеги жеке же жамааттык, ыктыярдуу жана пайда көздөбө жүзөгө ашырылуучу иши.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакцияс ылайык)*

**2-берене. Кеңеш жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

Кеңеш жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыр Республикасынын Конституциясынан, ушул Мыйзамдан жана башка ченем укуктук актыларынан турат.

**3-берене. Кеңеш жөнүндө негизги жоболор**

1. Ушул Мыйзамдын 17-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык Кыр Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган мекемелерди кошпого социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде көзөмөлч кеңештерин түзүү милдеттүү болуп саналат.

Кеңеш башкаруу органынын иш-милдеттерин ушул Мыйзамда белгилен компетенциянын алкагында жүзөгө ашырат

2. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүү чөйрөсүндө иштеген ба уюмдардын менчик ээлери ушул Мыйзамда белгиленген шарттарда жана тарт кеңештерди түзүүгө укуктуу.

3. Социалдык чөйрөнүн бир мекемесинде бир Кеңеш аракеттенет.

4. Кеңеш өз ишин мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алды башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрүнүн а ишине ыктыярдуу жана акысыз катышуу принциптеринде туруктуу негизде жү ашырат.

4-берене. Кеңештин максаты жана милдеттери

1. Кеңештин максаты кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн, тамак-аш азыктары жана дары-дармектердин сапатын, социалдык чөйрөдөгү мекемелердин иши айкындыгын, ошондой эле бюджеттик эмес каражаттарды пайдалану натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.

2. Төмөнкүлөр Кеңештин милдеттери болуп саналат:

8) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын талабы боюнча өз иши жөнүндө отчетторду берүүгө.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 2-глава. Кеңешти түзүү жана анын ишин уюштуруу

### 6-берене. Кеңешти түзүүнүн тартиби

1. Төмөнкүлөр Кеңештин мүчөлөрү боло алышат:

1) социалдык чөйрөдөгү мекемелерде же коомдук иште иш тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү жарандары;

2) ишкер чөйрөлөрдүн, илимий жана билим берүү уюмдарынын, маданий жана социалдык чөйрө мекемелеринин, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, студенттик жана, ошондой эле гуманитардык жардам көрсөткөн жеке жактар.

2. Кеңеш 15 адамдан ашык эмес санда түзүлөт.

3. Социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү мамлекеттик администрация, жергиликтүү кеңеш социалдык чөйрөдөгү мекеме үчүн анын ведомстволук баш ийүүсүндө болгон жана 11 адамдан ашпаган Кеңешти тандоо жана түзүү боюнча комиссия (мындан ары - Комиссия) түзөт.

4. Комиссиянын курамына мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү жана ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка өкүлдөр кире алышат.

5. Комиссия жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу социалдык чөйрөдөгү мекемелерде Кеңешти түзүү жөнүндө кулактандыруу берет же социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган өзүнүн расмий веб-сайтына жайгаштырат.

6. Комиссия социалдык чөйрөдөгү мекемелердин Кеңешинин сапаттык курамын тандоону жана түзүүнү жүзөгө ашырат жана ал жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, жергиликтүү кеңештин жана ведомстволук баш ийүүсүнө жараша социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын макулдугу менен Комиссиянын чечими менен бекитилет.

7. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн уюмдардын өкүлдөрү жалпыга маалымдоо каражаттарында социалдык чөйрөдөгү мекеменин Кеңешин түзүү жөнүндө кулактандыруу жарыяланган күндөн тартып 30 күндүн ичинде өз өкүлдөрүн өкүлдөшөт.

8. Социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү кеңеш сунуштаманы алган учурдан тартып 3 күндүн ичинде ал тарабынан Кеңештин мүчөлүгүнө көрсөтүлгөн талапкер боюнча жарандык коомдук уюмга жүйөлүү баш тартуу билдирүүгө укуктуу. Жарандык коомдук уюм бир эле талапкерди кайталап көрсөткөн учурда Комиссия 3 күндүн ичинде аны Кеңештин мүчөлүгүнө бекитүүгө тийиш.

9. Кеңештин курамынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аны бекиткен учурдан тартып 3 жылды түзөт. Бир эле адам чексиз жолу Кеңештин мүчөсү болууга укуктуу.

10. Социалдык чөйрөдөгү мекеменин уюштуруучулары болуп саналган адамдар, ошондой эле мекемеге башчылык кылган жетекчилер Кеңештин мүчөсү боло алышпайт.

11. Кеңештин мүчөлөрү бир эле убакта социалдык чөйрөдөгү мекеменин бирден ашык Кеңешинин мүчөсү боло алышпайт.

### 7-берене. Кеңештин мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери

1. Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

1) социалдык чөйрөдөгү мекемеде өткөрүлүүчү чогулуштарга жана жыйналыштарга байкоочулардын статусунда катышууга;

2) Кеңеш, жергиликтүү кеңеш жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлгөн комиссиялардын, жумушчу топтордун иштерине катышууга;

3) Кеңештин төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууну демилгелөөгө;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана социалдык чөйрөдөгү мекеменин уставында каралган башка укуктарга.

2. Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Кеңештин жыйналыштарына келүүгө;

2) Кеңештин мүчөсүнүн жүрүм-турум этикасын сактоого;

3) Кеңештин чечимдерин аткарууга;

4) мыйзамдарда жана социалдык чөйрөдөгү мекеменин уставында белгиленген башка милдеттерди аткарууга.

3. Кеңештин мүчөлөрү өз укуктарын жүзөгө ашырууда жана милдеттерин аткарууда мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуучу жарандардын кызыкчылыктарында аракеттенүүгө тийиш.

4. Кеңештин мүчөлөрү өздөрүнүн аракеттери (аракетсиздиктери) менен келтирилген зыян үчүн социалдык чөйрөдөгү мекеменин алдында жоопкерчилик тартышат. Мында Кеңештин зыянга алып келген чечимге каршы добуш берген же добуш берүүгө катышпаган мүчөлөрү жоопкерчилик тартышпайт.

5. Кеңештин мүчөлөрү ушул Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдерин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

*(КР 2020-жылдын 1-августундагы № 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 8-берене. Кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын токтотулушу

1. Кеңештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда токтотулат:

1) ал шайланган мөөнөт аяктаганда;

2) ал өз каалоосу боюнча ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө арыз бергенде;

3) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоочу жерге чыгып кеткенде

Кеңештин жыйналышы ага Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда ченемдүү укук болот.

Кеңештин жыйналышы ачык, кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

Кеңештин жыйналыштарын өткөрүүнүн мезгилдүүлүгү Кеңештин жылдык иш планы менен аныкталат.

3. Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин талабы боюнча Кеңештин мүчөлөрү кезексиз жыйналыш чакыруу жөнүндө сунуш киргизүү укугуна ээ.

4. Кеңештин мүчөлөрү анын жыйналыштарына жеке өздөрү катышат. Кеңештин жыйналышына катышуу мүмкүнчүлүгү болбогон учурда, Кеңештин мүчөсү күн тартибине киргизилген маселе боюнча өзүнүн пикирин жазуу жүзүндө жөнөтүүгө укуктуу. Көрсөтүлгөн пикир Кеңештин жыйналышында каралууга жатат жана добуш берүүдө эске алынат.

5. Кеңештин чечими боюнча анын жыйналышына мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, илимий, кесиптик бирликтердин жана башка уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле социалдык чөйрөдөгү мекемелердин иши жаатында адистешкен эксперттер жана башка консультанттар чакырылышы мүмкүн.

6. Кеңештин жыйналышы ачык өткөрүлөт, аларга социалдык чөйрөдөгү мекемелердин өкүлдөрү, жарандар, жарандык коомдун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катыша алышат.

7. Кеңештин чечими Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат жана протокол менен жол-жоболонот, ага жыйналыштын төрагасынын жана катчысынын колдору коюлат.

Кеңештин мүчөсүнүн өзгөчө пикири жазуу жүзүндө жол-жоболонот жана Кеңештин чечимине тиркелет.

8. Кеңештин чечими боюнча тигил же бул маселелер электрондук почта боюнча же Кеңештин расмий веб-сайтын колдонуу жолу менен добуш берүүгө коюлушу мүмкүн. Электрондук почта боюнча же Кеңештин расмий веб-сайтын колдонуу аркылуу добуш берүү жол-жобосу, ошондой эле ушундай ыкмалар менен кабыл алынган чечимдерди протоколдук жол-жоболоо Кеңештин уставында аныкталат.

9. Эгерде алар Кеңеш тарабынан кабыл алынбаса же бекитилбесе же болбосо белгиленген тартипте алар менен макулдашылбаса, Кеңештин мүчөсү документтерди, чечимдерди, сунуштамаларды же башка маалыматтарды Кеңештин атынан жарыялоого, мамлекеттик органга же башка адамдарга берүүгө укуксуз.

10. Кеңештин иши жөнүндө маалыматтар Кеңештин расмий веб-сайтына жайгаштырылышы мүмкүн, веб-сайт болбогондо жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланууга тийиш.

12-берене. Кеңештин мамлекеттик органдар, социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү

1. Кеңештин иш планынын көчүрмөсү аны бекиткен күндөн тартып 5 жумуш күндөн кечиктирбестен, ошондой эле ага ар бир өзгөртүүлөр жана толуктоол киргизилгенден кийин социалдык чөйрөдөгү мекемеге, мекеменин уюштуруучусу ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтүү кеңеш жана ведомстволук баш ийүүсүнө жараша социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укук мамлекеттик органга милдеттүү тартипте жиберилет.

2. Социалдык чөйрөдөгү мекеменин уюштуруучусу, мекеменин жетекчи жергиликтүү мамлекеттик администрация, жергиликтүү өз алдынча башкар органы жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кеңешт жыйналышынын күн тартибине киргизүү үчүн Кеңештин кароосуна маселелер киргизүүгө укуктуу.

3. Мамлекеттик органдар, социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекет орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын мекемеле мамлекеттик же башка мыйзам менен корголуучу жашыруун сырды түзі маалыматтарды кошпогондо, Кеңештин суроо-талаптары - боюнча зар маалыматтарды берет.

4. Кеңештин ишин уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жакт камсыз кылуу (Кеңештин жыйналыштары үчүн орун-жайды камсыз кылуу, ор жайды талкууланган маселелер боюнча маалымдама-маалымат материалдарды көрсөтүү үчүн зарыл техникалык каражаттар менен жабд материалдарды көбөйтүү ж.б.) Кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылат.

**13-берене. Кеңештин ишин токтотуу**

1. Кеңеш социалдык чөйрөдөгү мекеме кайра уюштурулган учурда өз иш токтотот.

2. Кайра уюштурууда (кошулуу, бөлүнүү, биригүү, бөлүп чыгаруу) социалд чөйрөдөгү бир мекемеде бир Кеңеш аракеттенет.

**3-глава. Кеңештин ишин координациялоо**

**14-берене. Кеңештердин мүчөлөрүнүн коомдук бирикмеси**

1. Өз ишин координациялоо үчүн кеңештер кеңештердин мүчөлөрүнүн коом бирикмесине (мындан ары - Бирикме) ыктыярдуу башталышта биригүүгө укукту

2. Бирикме юридикалык жак болуп саналат жана мыйзамда белгилен тартипте түзүлөт.

3. Бирикме төмөнкү иш-милдеттерди жүзөгө ашырат:

1) Кеңеш үчүн кадрларды даярдоого көмөктөшүүнү;

2) кеңештердин милдеттерин жана максаттарын жалпыга маалым каражаттарында пропагандалоону;

3) Кеңештин мүчөлөрү жана башка адамдар үчүн укуктук жана ба темаларда даремети жогорулатуу боюнча коммуникативдик, маалымат консультативдик иш-чараларды өткөрүүнү;

4) Кеңешке усулдук жардамдарды көрсөтүүнү;

5) көзөмөлчүлөрдү сыйлоонун ар кандай түрлөрүнө көрсөтүүнү;

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257 Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20 257, K. Tynystanov St., Bishkek 720040 E-mail: minedukg@gmail.com 720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257 http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1391/1 2021 жылдын «09» августу

**Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында көзөмөлчүлүк кеңештеринин институтун чыңдоо жана социалдык отчеттуулук инструменттерин киргизүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

"Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасындагы Ага Хан Фондунун Филиалынын "Кыргыз Республикасындагы мектептерди жакшыртуу үчүн коомчулукту иш-чараларга тартуу" долбоорун ишке ашыруу алкагында, Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында көзөмөлчүлүк кеңештеринин институтун күчтөндүрүү жана социалдык отчеттуулук инструменттерин киргизүү, билим берүү ресурстары менен алмашуу, техникалык колдоо көрсөтүү жана региондук мамлекеттик билим берүүнү башкаруу органдарынын (макулдашуу боюнча), жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын, билим берүү уюмдарынын жана Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун/регионалдык билим берүүнү координациялоо борборлорунун кызматкерлеринин билимин жогорулатуу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында көзөмөлчүлүк кеңештеринин институтун бекемдөө жана социалдык отчеттуулук инструменттерин киргизүү боюнча Иш-чаралар планы (мындан ары - Иш-чаралар планы) жана окутууга тийиштүү болгон кызматкерлердин бөлүштүрүү квотасы 1 жана 2-тиркемелерге ылайык бекитилсин.

2. Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармалыгы, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы, Ош билим берүү институту, Ысык-Көл облустук билим берүү институту, билим берүүнүн аймактык координациялык борборлору:

2.1. Бул Иш-чаралар планын регионалдык билим берүү мамлекеттик башкаруу органдарынын (райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү), жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын (макулдашуусу боюнча) жана ведомстволук билим берүү уюмдарынын башчыларына жетекчиликке жана аткарууга кабыл алуусун 2021-жылдын 26 июлунан кечиктирбестен камсыздасын;

2.2. Бул долбоор регионалдык билим берүү органдары тарабына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуунун негизинде ишке ашырылышына координациялоо жана башкаруу жүргүзсүн;

2.3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине Иш-чаралар планынын жүрүшү жөнүндө квартал сайын, отчеттук айдын 10 күнүнөн кечиктирбестен, udshvo@mail.ru электрондук дарегин маалыматтарды жалпылап жөнөтсүн.

3. Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун көзөмөлчүлүк кеңештеринин институтун күчтөндүрүү жана социалдык отчеттуулук инструменттерин киргизүү тууралуу онлайн курстарын Moodle платформасында пилоттук режимде өткөрүүнү жана мындан ары ишке киргизүүнү камсыз кылсын.

3.1. Бул буйрук "Кутбилим" гезитине жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин расмий сайтына жайгаштырылсын.

3.2. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Мектепке чейинки билим берүү жана мектепке даярдоо башкармалыгына (Н.А.Касымова), Мектептик жана мектептен тышкары билим берүү башкармалыгына (М.Дж.Усеналиев) жана Баштапгыч кесиптик билим берүү башкармалыгына (Б.А.Ибрагимов) жүктөлсүн.

**Об утверждении Плана мероприятий по усилении института попечительских советов и внедрении инструментов социальной подотчетности в образовательных организациях Кыргызской Республики**

Руководствуясь Законом Кыргызской Республики «О попечительском совете», в целях усилении института попечительских советов и внедрении инструментов социальной подотчетности в образовательных организациях Кыргызской Республики, обмена учебными ресурсами, оказании технической поддержки и наращивании потенциала специалистов региональных органов государственного управления образованием (по согласованию) исполнительных органов местного самоуправления, образовательных организаций и Республиканского института повышения квалификации и переподготовки педагогических работников, в рамках реализации проекта "Вовлечение сообществ в улучшение школ" Филиала Фонда Ага Хана в Кыргызской Республике, **приказываю:**

1. Утвердить План мероприятий по усилении института попечительских советов и внедрении инструментов социальной подотчетности в образовательных организациях Кыргызской Республики (далее - План мероприятий) и квоту по распределению сотрудников, подлежащих обучению, согласно приложениям 1 и 2.